**Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети**

**«Кыргызстан Эл аралык университети» окуу-илимий өндүрүштүк комплекси**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку технологиялар паркынын дирекциясы**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы**

**AI Academy жасалма интеллект академиясы**

## Маалымат кат

# «Индустрия 4.0 технологиялары: изилдөө жана өнүктүрүү тенденциялары» эл аралык илимий-практикалык конференциясы

Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети, «Кыргызстан Эл аралык университети» ОИӨК, КР ЖТП дирекциясы, КР Улуттук илимдер академиясы, «ЭйАй Экедеми» ЖЧКсы өнөктөштөрү менен бирдикте: Эл аралык билим берүү академиясы, Kyrgyz AI Research Institute, «АУДУУ» ЖЧКсы, «Kendala Limited» жеке компаниясы Алматы, Казахстан; «Туран» университети Алматы, Казахстан

**2025-жылдын 18-апрелинде** эл аралык илимий-практикалык конференцияны өткөрөт.

**Конференциянын максаты**-Индустрия 4.0 технологияларын киргизүү жана өнүктүрүү менен байланышкан актуалдуу маселелерди талкуулоо., тажрыйба алмашуу жана заманбап санариптик технологияларды экономикага, илимге жана билим берүүгө интеграциялоо үчүн келечектүү багыттарды аныктоо, ошондой эле туруктуу өнүгүүгө көмөктөшүү үчүн окумуштуулардын, эксперттердин, бизнестин өкүлдөрүнүн жана мамлекеттик органдардын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү.

Конференцияда төмөнкү маселелер талкууланат:

- Индустрия 4.0 технологияларынын теориялык аспектилери, атап айтканда МТ-технологиялар, жасалма интеллект, чоң маалыматтар.
- Индустрия 4.0 технологияларын өнүктүрүүнү аныктоочу факторлор;
- МТ- технологиялар тармагындагы алдыңкы изилдөөлөр;
- маалыматтык технологиялардын өнүгүү тенденциялары;

- прикладдык тармактык маселелерди чечүү үчүн ЖИни колдонуу;
- жогорку технологиялар чөйрөсүндө билим берүү жана кадрларды даярдоо маселелери;
- Университеттин 4.0 контекстинде илимде жана билимде маалыматтык технологияларды натыйжалуу пайдалануу маселелери;
- адамдын жашоосунун сапатын жогорулатуу үчүн санариптик жана маалыматтык технологиялар;
- технопарктар;
- Индустрия 4.0 технологияларын колдонуунун эл аралык практикасы.

Конференцияга катышууга илимдин кандидаттары жана докторлору, магистранттар, аспиранттар, ошондой эле МТ- чөйрөсүнүн, мамлекеттик органдардын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү чакырылат.

**Конференциянын жумушчу тилдери:** орус жана англис тилдери.

**Өткөрүү формасы:** күндүзгү жана аралыктан (Zoom платформасы).

Баяндама жасоого өтүнмөнү 2025-жылдын 1- февралына чейин vestnik.iuk@gmail.com дарегине «Конференцияга арыз» деген тема менен жөнөтүңүз. Өтүнмөдө автор жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү керек: Аты-жөнү толугу менен, уюмдун же окуу жайдын аталышы,кызматы, илимий даражасы жана наамы (эгер бар болсо), телефону, электрондук почтасынын дареги,чыгып сүйлөөнүн темасынын аталышы,акыркы үч басылманын тизмеси (эгер бар болсо).

Өтүнмөгө орус тилиндеги баяндаманын 2 миңден 8 миңге чейинки көлөмдөгү кеңири тезистерин боштуктары менен тиркөө зарыл (Times New Roman шрифти, өлчөм 14, интервал 1,0).

Баяндаманын тезистери төмөнкүлөрдү камтууга тийиш: изилдөөдө чечилүүчү илимий проблеманын баяндалышы, анын актуалдуулугунун негиздемеси, автор колдонгон илимий изилдөөнүн методдору, изилдөөдө алынган негизги натыйжалар.

Макаланын толук тексти жиберилгенге чейин конференцияга катышуу ниети жөнүндө өтүнмө, баяндаманын темасы жана өзү жөнүндө кыскача маалымат, ошондой эле тезистер жөнөтүлүшү керек. Макалалар **2025-жылдын 20-мартына** чейин кабыл алынат.

Конференциянын редакциялык кеңеши тарабынан тандалып алынган макалалар «КЭАУ Жарчысынын» атайын чыгарылышында жарыяланат. Үч мыкты макала Scopus журналдарында бекер жарыялоо үчүн тандалып алынат. Уюштуруу комитети чыгып сүйлөө үчүн материалдарды тандап алуу жана конференциянын жыйынтыгы боюнча «КЭАУ Жарчысынын» атайын чыгарылышына киргизүү укугун өзүнө калтырат.

Редакциянын макаланы жарыялоого кабыл алуу же четке кагуу чечими баяндаманын маанилүүлүгүнө, оригиналдуулугуна жана айкындуулугуна, илимий изилдөөнүн конференциянын максатына ылайыктуулугуна гана негизделиши керек. Уюштуруу комитети макалаларды талаптарга ылайык оңдоо укугун өзүнө калтырат.

Уюштуруу комитети конференциянын катышуучуларынын иш сапарына кеткен чыгымдарын төлөбөйт (жол кире, жатакана).

**Конференциянын катышуучуларынын сертификаттары чыгып сүйлөгөн же «КЭАУ Жарчысына» жарыялоо үчүн макала жөнөткөн бардык катышуучуларга берилет!**

**Программа жана регламент катышуучуларга конференция башталганга чейин эки жума мурун жөнөтүлөт.**

## Каттоо формасы

## «Индустрия 4.0 технологиялары: изилдөө жана өнүктүрүү тенденциялары» эл аралык илимий-практикалык конференциясы

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Название статьи на русском языке** | | | | | |
| **Секция** | | | | | |
| **ЗАПОЛНИТЬ на РУССКОМ языке** | 1 автор | 2 автор | 3 автор | 4 автор | 5 автор |
| ФИО | | | | | |
| Ученая степень | | | | | |
| Ученое звание | | | | | |
| Место работы | | | | | |
| Должность | | | | | |
| ORCID | | | | | |
| Моб.тел. | | | | | |
| Эл.почта | | | | | |
| Очное участие (да/нет) | | | | | |
| Выступление с докладом (да/нет) | | | | | |
| **Название статьи на английском языке** | | | | | |
| **ЗАПОЛНИТЬ на АНГЛИЙСКОМ языке** | 1 автор | 2 автор | 3 автор | 4 автор | 5 автор |
| ФИО | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Ученая степень | | | | | |
| Ученое звание | | | | | |
| Место работы | | | | | |
| Должность | | | | | |
| ORCID | | | | | |
| Моб.тел. | | | | | |
| Эл.почта | | | | | |